**Жалалабат Мамлекеттик Университети**
**Журналистика кафедрасы**

**Аким Акжолов**
**Жалалабат мамлекеттик университетинин доценти**

# Интервью алуунун жолдору

Окуу куралы журналистика адистигине билим алып жаткан студенттерине арналган.Анда интервью алуудагы айрым маселелерге автор кеъири токтолгон.

Окуу куралы филология факультетинин окумуштуулар кеъешинде талкууланган жана басууга сунуш кылынган.

Рецензияланган филология илимдеринин кандитаты, профессор Калчакеев К.Б.

**Жалалабат ш. 2006- жыл.**

# КИРИШҮҮ

Интервью жанры журналистикада башка жанрларга караганда алда канча мурда жаралган десек болот. Анткени - буга чейин деле адамдар өз ара пикирлерин ар түрдүү жолдор менен пикирлерди беришип, бирин бири түшүнүшкөн жана пикирлер ар түрдүү психологиялык жагдайларды пайда кылышкан.

Интервью (англис тилиндө -interview- жолугушуу, аъгемелешүү) дегенди билдирет. Эгерде биз интервью -деген сөздүн семантикалык маанисин алып карасак, анда ал префикс катары эки мааниден, тагыраак айтканда - inter - деген сөз өз ара карым катнашуу, өз ара багытташуу, ал эми –viter- деген сөзү - көз караш, пикир - деген маанини билдирет. Бир сөз менен айтканда интервью окуялар, фактылар боюнча пикирлерди, көз караштарды алмаштыруу дегенди түшүндүрөт.

Публицистикада интервью жанр катары XIX кылымда калыптанган. Ошентип, интервью журналист үчүн биринчиден - информация алып жүргөн адам менен информация алуунун мүмкунчүлүгү болсо.
экинчиден - ал эми публицистикалык жанр катары урналист өз максатына жетүү үчүн сүйлөшүүнүн, /пикирлешүү, аъгемелешүү сыяктуу формаларды иштеп чыккандан болуп олтурат.

Интервью кандай структурадан түзүлөт, кандай штери бар, деги эле ал аркылуу журналист эминелерди утуп, эмнелерди уттурат деген суроолор айда болбой койбойт.

Эң башкысы - интервьюнун булагы катары )конкреттүү факт, объект жана информация бар.

Интервью аркылуу эмнелер алынат? Журналист нтервью аркылуу ар түрдүү, бирок конкреттүү эрүнүштөрдү, окуяларды, тарыхый шарттарды, ткөндөрдү эске түшүрүү, ички сезимдерди, келечек турмушту, философиялык ой жүгүртүүлөрдү ала алат :ана ага өз көз карашын билдирет. Ушулардын ардыгы конкреттүү шартта, көз алдыда суроо -жооп аркылуу алынат.

Эгер интервьюнун мазмундук критерийин карап өрсөк анда анын өзгөчөлүгүн көрсөтүп турган ласелелерди айтсак болот. Бул жагынан алганда
Перулук журналистка Барбара Д. Эчиллдин төмөнкүдөй аныктамасын эске түшүрсөк болот. Ал интервью болуш үчүн үч негизги моментти белгилеген.

Биринчиден - окуяга, фактыга анын кыскача маселелерине же тарыхына көз жүгүртүп чыкканың дурус.

Экинчиден - мүмкүн болушунча цифраларды азыраак колдонууга аракет кылганың эп. Эл цифраны көп жакшы көрө бербейт - деп баса белгилеген.

Үчүнчүдөн - журналист интервью үчүн теманы
тандоого көңүл бурушу керек. Бул өтө маанилүү.

Ошентип, интервью жасоо үчүн элге эмне айтып берем, аларда кандай пикир болот - деген түшүнүктү эске туту зарыл. Ар бир сөздүн таасири илимий негизине таянып, так информациянын сүрөтүн элестетип, кошумча же апыртма ойлорду кошпош керек. Эгерде интервьюда айтылган ойлор, пикирлер жөнөкөй кесиптеги адамдан, интеллектуалдуу адамга чейин түшүнүктүү болсо, анда журналисттин ийгилиги деп эсептөөгө болот.

Интервью жасоо үчүн эмнелерден баштоо керек? - деген суроо пайда болбой

койбойт. Бул маселе нтервьюнун темасына, идеясына, ордуна, тандап алган

фактылардын мүнөзүнө байланыштуу болот.

Интервью жөнүндөгү сөз болгондо дагы бир ёгөчөлүктөрдү айта кетүү керек. Сөз интервьюнун газеталык стили, телеберүүдөгү стилдик өзгөчөлүк ана радиоберүүдөгү айрым касиеттери жөнүндө олуп жатат. Себеби - газетанын да, ТВнын да, РВнын да өзүнө таандык болгон психологиялык өзгөчөлүктөрү жана аудиториясы бар. Мына ушуга байланыштуу биз сөздү интервьюнун негизги өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурсак. Себеби

интервьюнун структурасы, өзүнө таандык милдеттери, типологиясы бар. Кыскасын айтканда, бул жанрда иштөө журналисттен көп чыгармачылыкты талап кылат.

## Интервьюнун түрлөрү

Интервью мүнөзүнө жараша бир рече түрлөргө бөлүнөт.

1. Контактык интервью;
2. Адрестик же анкеталык интервью;
3. Протоколдук интервью;
4. Интервью дискуссия;
5. Телефон интервью;

## Интервьюнун өзгөчөлүгү

Интервью - бул ММКдагы кеңири тараган информацияны оперативдүү түрдө берүүгө мүмкүнчүлүгү бар форма саналат. ММК үчүн интервью информациядагы проблемаларды «колдон өткөрүүчү» жанр болуп, ал ошол эле мезгилде коомчулук кызыккан, ага компонентүү түрдө мамиле кылган өзгөчө каражат да болуп саналат. Мында интервью ой пикирлердин гана лидери болбостон, ал коомчулук көңүл бура турган өзгөчө роль да болуп саналат.

## Интервью алуудагы кырдаалдар.

Интервью алуудагы ситуация. Ситуациялык абал шартка жараша Кээде стандартык кокусунан (случайно) же экстрдик абалда болушу мүмкүн.

1. Стандарттык кырдаал — демек интервью студияда, үйдө, кабинетте, ж.б. жайларда болушу мүмкүн.
2. Кокусунан пайда болгон кырдаал-демек журналистке саясаттын, психологиялык абалдын негизги критерий-лерин күтүлбөгөн жерден «кармап» калуу зарыл.
3. Экстрдик кырдаалда — интервью шашылыш убакта,катуу селден, өрттөн, катастрофадан жапа чеккен учурдагы тез кабыл алынган чечимден улам пайда болгон интервьюну айтабыз.
4. Интервьюнун атмосферасы. Интервьюнун бул түрү төмөндөгүдөй болуп бөлүнүшү мүмкүн:

1. Формалдык

2.Формалдык эмес.

3.Ишеним менен

4.Агрессивдүүлүк

5.Көңүл көтөргөн абалдар.

Мындай интервью алууда анын ар биринин өзгөчөлүгү бар жана анын ички маселелерин жакшы билишибиз керек. Мындай интервью субъектинин объектиге жасаган мамилесине байланыштуу болот.

## II. Глава Интервью кантип алынат.

Массалык маалымат каражаттарынын кайсы түрүнө (радио, телевидение, газета) карабастан сиз журналист катары сизди кызыктырган объект боюнча жана андагы иштеген ар кандай касиеттеги жана ар кандай деңгээлдеги адамдардан интервью ала аласыз жана бул багыттагы кырдаалды сиз гана көзөмөлгө алып, интервью алуу үчүн жагымдуу жагдайды түзө аласыз.

Интервью - бул мамиле кылуунун өзгөчө тиби. Ошондуктан интервью алуу үчүн алгач сиз объект менен алдын ала макулдашкандан кийин, коюлган маселе боюнча информация жыйнап интервью алууга даярдык көрүү менен стратегияңызды жана тактикаңызды иштеп чыгасыз. Бул өтө маанилүү. Себеби, мындай шартта сиз интервью үчүн зарыл элементтерди да издеп, аны бөлүп карайсыз. Интервьюну сиз алгандыктан өзүңүздүн максатыңызга жетүү үчүн бардык маселелерди (даярдык, факты жыйноо, убакыт, мезгил ж.б.) чечишиңиз зарыл.

Сиз интервью алуунун алдында интервью радиогобу, телевидениегеби, газетагабы, кыскасы кайсы информация таркатуунун, кайсы каражатына пайдаланышыңызды билишиңиз керек. Себеби бул үч оражаттын өзүнө таандык болгон спецификациялык эзгөчөлүгү бар экендигин унутпаңыз. Тажрыйба <кёрсөткөндөй интервью алуу жана интервью берүү процесси жеңил эмес. Ошондуктан айрым бир учурда эки тараптын адамдары деле кандайдыр бир деңгээлде психологиялык жактан татаал ситуацияларга кабылышы мүмкүн. Мындай учурда, <интервью учурунда өзүңүздү ишенимдүү сезип, психологиялык ички «тоскоолдуктарды» алып таштоонун көптөгөн методдорун колдонуңуз.

Сиз өзүңүз жыйнаган информацияларыңыздын деңгээли анын реалдуулугу, маданияты жогору экендигине көзүңүз жетсе, анда сиз Ёзүңүздү эркин сезе баштайсыз. Эч кандай кооптонуу болбойт.

Мындай учурда сиз өзүңүздүн максатыңызды кайрадан карап көрсөңүз болот, стратегияңызды текшериңиз. Айрыкча адамдар эмнеге кызыкдар, ага сиздин фактыңыз реалдуубу, тексттин тили сизди ынандыра алабы, интервью болуш үчүн заыл компоненттер жетиштүүбү деген суроолорго даяр болушуңуз зарыл.

Интервью алууда сиз өзүңүздүн сөзүңүздүн маанилүү жерлерин белгилеп, ишенбей турган жагдайларды четтетүүгө аракет жасасаңыз болот. Өзүңүз козгоп жаткан проблемалардын келечегине өзгөчө көңүл буруңуз. Эң башкы толкундоодон улам интервьюдан баш тартпай, ишти так уюштуруу зарыл.

**Бул үчүн төмөндөгүдөй сунуш беребиз.**

1. Эң башкысы өзүңүздү ишенимдүү караңыз.
2. Интервьюнун суроолорун дагы тактаңыз. Болбосо интервью берүүчү адам контр суроо берүү менен өзүңүздү ыңгайсыз абалга салып коюшу мүмкүн.
3. Интервьюнун алдындагы «алтын эрежени» - башкача айтканда чындыкты гана айтуу керектигин унутпаңыз.

**Мындан ары интервьюну даярдоодо сиз төмөнкүдөй суроолорго жооп берүүгө тийишсиз.**

1. Интервью кайсы күнү, кайсы саатта болуп өтөт.
2. Интервью качан болот? Эгер интервью өтүүчү жер сизге жакшы белгилүү болсо анда интервью берүүчү адамга белгиленген жерге кантип баруунун жолдорун билдирип койсоңуз болот. Ага пропуск даярдап койсоңуз дагы жакшы.
3. Интервью берүүчү адамдын адресин, атын, фамилиясын, адистигин, иш ордун тактап коюңуз.
4. Бул интервью сизге эмне берет? Эмне үчүн интервью алууга аны тандап алганыңызды ачык айтыңыз.
5. Өзүңүз да бул интервью эфирге качан чыгат, качан жазыла тургандыгын тактап алыңыз.
6. Интервьюнун формасын жакшы билип алыңыз. Айрыкча интервьюга канча адам катышат, канчасы кандай маселе боюнча сүйлөйт. Ар бир сүйлөөчүнүн сүйлөө убактысы канча экендигин тактап алыңыз.
7. Интервью канчага созула тургандыгына көңүл буруңуз.
8. Интервьюнун негизги эрежелери кайсылар? - деген суроо пайда болот. Эң оболу сиз интервьюнун маселелери жана сөздүн так болушу үчүн аны атайын пленкага жазып алыш керек. Диктафонду да пайдаланыңыз.

**Интервью бере турган адам да төмөнкү эрежелерди билип алса жакшы болот:**

- сиз журналистке интервью бересиз. Бул менин сиз өзүңүздү маалыматтарыңызды жалпыга таркатууга мүмкүнчүлүк болгондугун унутпаса.
- эң жакшы кеңеш: сиз журналисттик профессионализмди көрсөтүү зарыл. Бул жерде айрым терс кыялдардан качуу керек. Сиз адамдарга жагымдуу, жароокер, ачык мүнөз менен мамиле кылсаңыз, ал сизге ачылып берет.

**2. Интервьюга кантип даярдануу керек?**

Идеалдуу интервью жазууга аракеттениңиз. Себеби интервью алуу убактысы аз да, кыска да, а мщмкүн болгону беш минута да болушу мүмкүн. Кээде 1-2 сааттык интервью да болот. Бирок булар телевидение үчүн эмес. Интервью учурунда убакыттын маселесине караганда сиз негизги үч мамилеге көңүл буруңуз.

1. Окуя жөнүндө кыскача маалымат.
2. Кыскача тарыхын.
3. Цифраларды аз колдонуу, адамдар статистикалык маалыматтарды дайым эле жакшы көрө бербейт.

**3. Интервью алуунун америкалык методдору.**

**1. Предметти тандап алыңыз:**

а) бул үчүн китепканага барыңыз, сиз менен аъгемелеше турган адам жөнүндө кеңири билиңиз. Ал киши эмнеси менен белгилүү жана кандай тажрыйбасы бар.

б) ага бере турган суроолоруңузду жазып алыңыз. Анда кайсы информация

**2. Өз ара түшүнүүгө жетишүү**

а) сиздин субъектиңиз сиздин ким экендигиңизди жана эмнени каалап жатканыңызды билүүгө шарт түзүп бериңиз.

б) сүйлөшүү үчүн келишим ачык болуш керек.

Келишим сүйлөшүүдө төмөнкүлөрдү тактап алыңыз: интервьюну жазып алса болобу? Магнитофонду пайдаланса болобу? Интервьюга кимдер катышат? Интервью бир эле жолку жолугушуу менен бүтөбү? Интервью учурунда сүрөткө тартып алса болобу? Сиз ушул суроолорду тактап алыңыз.

**3. Иштиктүү мамилени түзө билиңиз.**

а) Репортер сөзгө жана убакытка так болуш керек. Интервью үчүн зарыл техникаларды алууну унутпаңыз. Эгер сиз бардык жагынан даяр болсоңуз, анда интервью бере турган адам да сиз үчүн ачык болот.

б) Интервью ала турган жер жагымдуу, шоокумдардан алыс болгону жакшы. Интервью контрактациялык мүнөздө болушуш мүмкүн эмес.

в) Эгер зарыл болуп калса интервью бере турган адамга өзүңүздүн максатыңызды дагы бир жолу тщшүндүрүп коюңуз.

г) Интервью бере турган адамдын аты-жөнүн, кызматын дагы бир жолу тактап алыңыз. Үй жана (кызматтык телефонун тактап койсо ашыкча иш эмес.

д) Эгер аңгемелеше турган адам интервьюнун темасын өзгөртүүнү каалаcа, анда сөзсүз анын себептерин сураңыз. Мында өзүңүздүн каалап турган кызыкчылыгыңызды унутпаң. ;

**4. Ишке киришүү.**

а) аңгемелешүү алдында негизги суроолор жазылган блокнотуңузду ачып алыңыз мында суроолорду унутпайсыз жана сөздөрдү чаташтырбайсыз.

б) суроо проблемалуу болушу зарыл. Анын сөздү кенен, ачык сүйлөшүнө шарт түзүү керек.

в) дароо эле эки суроону бир бербеңиз. Суроо, кыска болгону жакшы. Суроонун сөздөрү 15 секунддан ашпашы керек.

г) эгер интервью темадан чыгып баратса, анда аны теманын руслосуна салууга аракетениңиз.

д) эгер интервью берүүчү өзүнүн текcттин жарыялоонун алдында көрүүнү каалаcа,сиз ага бардык так жана ишенимдүү берилет деп убадаңызды бериңиз.

**5. Информациялык өздөштүрүү.**

а) эгер сиз интервьюну магнитофондук жазууга макулдашсаңыз, анда эч кандай ашыкча сөз аралаштырбастан, анын талабын аткарып коюңуз. Интервью учурунда блонотко бир нерселерди жазбаңыз. Блокноттогу суроолорго гана көңүл буруңуз.

б) интервьюну блокнотко жазып алууда башка нерселер менен алагды болбоңуз. өзүңүздүн акылыңызга ишенбең. Аңгемелекен адамдын сырткы келбетине да көңүл буруңуз. Айрыкча чачты тарашына, сөзүнүн курулушуна, өзгөчө привичкаларына. Бул өтө маанилүү.

в) эгер интервью учурунда түшүнбөгөн аргументтерди байкап калсаңыз, анда анын_._талаш жагдайларын тактап берүүнү сураныңыз.

6. Интервьюну аяктоо.

а) интервью аяктап бара жатканын билсеңиз, анда аны кантип аяктоо керектиги жөнүндө ойлонуңуз. Жыйынтыктоочу суроону тактаңыз.

б) акыркы суроонун варианттарын тандаңыз. көбүнчө айрым маселелер унутулуп калышы мүмкүн. Мындайда сиздин ички аракетиңиз өтө маанилүү болушу керек.

в) акыркы моменттерде информациянын булактарынын өзгөчөлүктрүнө көңүл буруңуз. Бул болсо интервьюнун жакшы жыйынтыкталышына шарт түзөт.

г) интервью аяктагандан кийин, интервью берген адамга өзүңүздүн алкыш ыраазычылыгыңызды билдириңиз.

Интервью учурундагы этика маселеси.

1. Дайыма жооп берип жаткан адамдын өзүнө көз салып туруңуз. Эч качан камерага же телевизиондук мониторго карабаңыз. Камерага көңүл бурбаңыз. Аны профессионал адистер аткарышат. Суроо - жооп болуп жатканда, улам эле ары жак, бери жагыңызды каранып же чукуланбаңыз.

2.Эгер сиз телестудияда болсоңуз, анда камера алдында өзүңүздү адептүү, чечкиндүү, маданияттуу алып отуруңуз. Кийимиңизди күзгүдөн карап алыңыз.

3.Эгер сиз интервью алууга адам чакырсаңыз, анда ага айрым эрежелерди, айрыкча камеранын алдында экендигин эскертип коюңуз.

4.Интервьюнун суроолорун карап чыгып, анын ичинен кайсы суроо өтө маанилүү экендигин эске алыңыз.

5.Ал сүйлөп жатканда аны токтотууга аракет жасабаңыз. Эгер анын сөзү узарып баратса, анда айрым фразалар менен аны оңдоого аракет кылыңыз.

6.Эгер интервью телевидение үчүн болсо, анда сиз бир түстөгү кийим кийгениңиз жакшы. Бирок ак түстө болбош керек.

7. Бижутерия жана косметика менен алек болбоңуз.

8. Съемкага барардын алдында күзгүгө каранып алсаңыз дагы жакшы болот.

## III. ГЛАВА. Интервью - метод катары.

Интервью - журналистикадагы информацияны топтоодогу эң маанилүү метод болуп саналат. Бир карасаң интервьюнун методу жөнөкөй - журналист суроо берип, ага жооп алгандай эле көрүнөт.

Чындыгында интервью информация алууда суроо жооптон жана аңгемелешүүдөн (беседа + опрос) айырмаланып турат. Маселен аңгеме учурунда (беседа) интервьюдан айырмаланып, мында башкача айтканда аңгемеден экөө тең (интервью алуучу жана интервью берүүчү) маселени бирдей талкуулоого катышат. Ал эми интервьюда журналист бир эле адамга бир нече суроолорду берет. Ал эми суроо-жоопто журналист бир эле маселе боюнча бир эле убакта бир нече адамдардан жооп алууга аракет жасайт.

### Интервьюну кантип алып баруу керек.

Интервью учурунда журналист суроо берүүдө ёзүнүн компоненттүүлүгүн көрсөтүүсү зарыл. Анан маселени так, ылайыктуу жана оперативдүү коюу менен интервьюнун негизги өзгөчөлүгүн аныктап, ёзүнүн ишкердүүлүгүн бул багытка бурат. Албетте бул үчүн интервьюну алып баруу стилине манерасына даярдануу зарыл.

Практика көрсөткөндөй сөздү эң алдын интервью берүүчү адам менен психологиялык жактан контакты бекемдөөдөн башташ керек. бул шарттарды түзүүнүн

көптөгөн жолдору бар. Айталы аңгемелешүүнүн шарттарды бир маселеге байланышкан, юморлуу анекдот же күлкүлүү сөз, же анын көңүлүн көтөрө •турган жагымдуу маселени колдонсо болот. Мындайда интервью берүүчү адам интервью берердин алдындагы ички психологиялык тоскоолдуктарды басаңдатып, ал өзүн эң алдын эркин, өзүн-өзү жөнүндө ке өзүнүн автобиографиясынан үзүндүлөрдү, же эсте калган кызыктуу окуялардан (маселеге байланыштуу)
айтып да жибериши мүмкүн. Эгер ал маселе боюнча маанилүү деталды айтып, же өзүн эркин сезип калганын байкасаңыз, анда аңгемени баштай берсе болот.

Интервьюнун негизги бөлүгүндө жооп жакшы болсо, анда журналист да айтылган жоопторго болгон ишеним жогорулап, маселенин ички түйүндөрүн тез эле аныктап алса болот.

Кээде интервью учурунда коюлган маселенин мазмунун ачуу үчүн төмөнкүдөй типтеги суроолорду берсе болот. Маселен: - «Сиздин оюңузча бул маселе кандай болчу?», «Эгер мүмкүн болсо кененирээк комментарийлеп берсеңиз болобу?».

Мындай шартта интервью берүүчү конкреттүү маселеге, конкреттүү логикалык ойлорду жана мисалдарды бере алат. Себеби ал да сиз эмнелерди каалап жатканыңызды жакшы түшүнүп калат. Эгер сиз белгилүү бир убакытка чейин унчукпай койсоңуз деле ал өзүнүн ой жүгүртүүлөрүн, интерпретациясын айта берет.

Интервьюнун маселесин дагы тереңдетүү үчүн
кээде «ыңгайсыз» деп эсептелген суроолорду да берсе болот. «Ыңгайсыз» суроолор коюлуп жаткан маселе же ага байланышыкан проблемалар боюнча логикалык жактан «жаңы ачылыштарды»берет.

<u>Интервьюну жалгыз алган жакшы.</u> Себеби журналист интервью жүрүүсүн толук башкара алат. Экинчиден эки адам бир проблеманы талкуулоодо же маселеге өзүнүн жеке пикирин тереңирээк билдирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Экинчиден эки адамдын ортосунда өткөн интервьюда убакыт фактор эске алынып, интервьюга берүүчү жоопту коюлган маселе боюнча гана айтып, анын формуласын кыска жана ачык болот. Журналист ушул деңгээлге жетиши зарыл.

Маселен информациялык мүнөздөгү интервьюну алсак болот. Мында «ким», «эмне», «кайда», «качан» -деген классикалык суроолор берилет.

Таанышып алыңыз: Ал эл акыны Омор Султанов.

-Сиздин жакшы көргөн тамагыңыз?

-Балык эти.

-Сиздин сүйүктүү ичимдигиңиз?

-Кызыл вино.

-Дачаңыз барбы?

-жок.

-Машинаңыз барбы?

-ГА32410.

-Хоббиңиз?

-иш.

-Сүйгөн акыныңыз?

-Пастернак.

-Сүйүктүү телепрограммаңыз?

-ОРТдагы «Кыйшык күзгү».

Мындан көрүнүп тургандай суроо да, жооп да бир типте гана болду. Мындай көрүнүштөгү интервьюну биз информациялык интервью деп айтабыз. Мындай интервьюга даярдыктын жоктугу көрүнгөндөй болгону менен бул типтеги суроолорду даярдоо алда канча кыйын эле көрүнүш.

Интервьюга байланышкан терминдер. Информация — латын тилинен алынып,

аны которгондо түшүндүрүү, сунуш кылам деген түшүнүк билдирип, анын алгачкы маалыматында адамдар бири-бири менен оозеки, жазуу түрүндө берүү, шондой эле айрым шартуу сигналдарды да •техникалык каражаттардын жардамы менен маалымат алуу процессине айтабыз.

**Факт**— латын тилинен которгондо (factum) -аткарылган, аягына чыккан деген түшүнүктү берет. Экинчиден факт бул ишенимдүү маалымат, факт -бул жаңылык (чакан билдирилген) деген түшүнщктү да берет. Эгер 1 факт + 2 факт + 3 факт болсо внейтилген факт же (жогорку билдирилген) деген үшүнүктү да билдирет. Фактыдан улам анализ келип чыгат.

**Ишенимдүүлүк** — бул маалыматтардын (факты) •түпкү, реалдуу, документалдык жактан тактаган, конкретүү объектисин болуп саналат.

**Хэдлайн** — бул кыска фраза, б.а. функциялдык ойлор полосадагы материалдар менен үндөшүн, алар маани бири—бирин толуктап турат. Ошондуктан аны текстик элементтик үндөштүгү даана көрүнөт.

**Хэдлайн**—деген сөз англис тилинен алынган, ал (Заглавная строка) — башкы строк деген түшүнүктү берип, ал анда информациянын жыштыгынын жогорку деңгээлинин мүнөзү. Хэдлайндын негизги милдети — текстеги негизги элементинен маанилүү маселесин бөлүп көрсөтөт. Хэдлайндын стили— басылманын негизги жүзүн аныктап турат.

**Объектүүлүк** — көз карашты конкретүү элестетүү.

**Пикир** — айрым объективдүү маселени, субъективдүү баа берүнү кошуу менен талкулоону аныктоо.

**Коомдук пикир**— Коомдук көрүнүштөрдү, окуяларды граждандарга болгон мамилеси үйрөнүү үчүн социалогиялык изилдөөнүн натыйжасында пайда болгон багыттардын негизи болуп саналат.

**Ой жүгүртүү** — акыл эстин актысы.

— айтылган ойлордун мазмуну маалымдаган адамдын оң жүгүртүүсүнүн мамилесине байланыштуу.

— талкууга алынган маселелердин психологиясы дайыма татаалдашып, анын чындык экендигине ишениш керек.

**Баа берүү**— деп биз пикирдин, талкуулоонун сапаты жөнүндө сөз кылып, объектиге белгилүү критерийлер жана нормалар аркылуу объективдүү кабыл алынган чечимдердин системасы.

**Цитата** — бул кандайдыр бир тексттеги же чыгып сүйлөөдөгү башка бир илимден, окумуштуулардын иштеп чыккан ориентациялык сөздөрүнөн кыскартылып же, зарыл болгон ойлорунан алынган ойлордун үзүндүсүн автордук ойду бузбастан берилүү аракети.

**Манипулирование** — бул социалдык группалардын индивиддердин жүрүм-турумуна таасир этүү мүмкүнчүлүгү. Мунун бир критерийи катары фактыдагы пикирдеги идеяны бөлүп алуу да манипулирования болуп саналат.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР.


1.Интервью-жанр катары. «Журналист» 2002. №4
2.Ярошенко В.В. «Информациялык жанрлар»
Москва, 1976. 19-бет.
3.Тхагушев М. «Радиожурналистиканын негизи»
Москва, 1984. 72-бет.
4.Шереев А. «Информациядагы эволюциялык
өнүгүү процесси» Москва, 1981.
5.Лебедева Л. «Аналитикалыкжанр» Воронеж 1995.
6.Летунов Ю. «Адамдарга эмнени айтып
беребиз»? Москва 1980.
7.Барманкулов М. «Журналистика бардыгы үчүн»
Алмата1979.
8.Бараневич Ю. «Интервью жанрынын радиодо
берилиши» Москва, 1978.9.Купөр Б. «Репортажжөнүндө» Москва, 1967

10. Прайс В. «Радиорепортаждын өзгөчөлүгү»
Москва 1966,